Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
32. sayı 2022

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
32-саны 2022

# “Бейиш кылычтардын көлөкөсүндө” хадисинин анализи

**Асилбек Абдуганиев***

**Абстракт**

Учурдагы маанилүү маселелердин катарына кирген жихад түшүнүгү өзгөчө Борбор Азия өлкөлөрүндө маалыматтын жетишсиздигинен улам көпчүлүк тарабынан туура эмес түшүнүктүн калыптануусуна себеп болууда. Бул себепке байланыштуу жихадга үндөө жаатында булак катары колдонулган жана Бухарий сыяктуу атактуу хадис аалымдарынын китептеринде орун алган “Бейиш кылычтардын көлөкөсүндө” деген хадисти талдап көрүүгө аракет кылдык. Бул хадис иснад жана текст жагынан иликтенгенде, хадисти риваят кылган равилердин ишенимдүү экендиги, хадистин текстинде болсо эч кандай маселе жок экендиги байкалды. Хадис булактарынын кээ бир жерлеринде аталган хадистин текстинин толук түрдө берилбегендиги хадистин туура эмес түшүнүлүшүнө себеп болушу мүмкүн. Бул макала жихадды түшүнүү үчүн маанилүү болгон “Бейиш кылычтардын көлөкөсүндө” аттуу хадисти талдоо жана чечмелөө максатын көздөйт.

**Ачкыч сөздөр**: Хадис, жихад, бейиш, кылыч.

# Analysis Of The “Paradise Is Under The Shadow Of Swords” Hadith

**Abstract**

The word Jihad, nowadays, is one of the hot topics and a controversial one. Due to the lack of knowledge and misinformation about the concept, people specially in Central Asia have formed misconceptions regarding the meaning and aims of Jihad. In this paper, a study of the concept of Jihad has been done based on the hadith "Paradise is under the shadow of swords." mentioned in the book of Buhârî and other hadith resources. The mentioned hadith will be evaluated in terms of evidence and the validity and authenticity of the narrators. In some hadith sources, the absence of some data in some texts has resulted to misunderstanding of the hadith. This article takes an insight into the understanding of Jihad and addresses the interpretations and extraction of the

---

* Ош мамлекеттик университетинин окутуучусу

mentioned hadith. This article aims to analyze and interpret the Hadith “Paradise in the Shadow of Swords” which is important for understanding Jihad.

**Key words:** Hadith, Jihad, Paradise, Sword.

**Киришүү**

“Бейиш кылычтардын көлөкөсүндө” хадиси жихаддын маанисин төрт сөз менен ачык түрдө баяндаган маанилүү хадистердин бири жана ушул өзгөчөлүгүнөн улам хадис аалымдары тарабынан “Жавамиъул-калим” деп сыпатталган.[38] Бул хадисти талдап, чечмелөөдөн мурда жихад сөзүнүн сөздүк жана терминологиялык маанисин билүү маанилүү болуп саналат.

Жихад сөзү араб тилиндеги “جهد”-жахд уңгусунан келип чыккан жана сөздүктө «күч колдонуу жана аракет кылуу, бир ишти аткаруу үчүн колунан келген бардык каражаттарды пайдалануу»[39] дегенди билдирет. Ислам адабиятында: “Диний буйруктарды үйрөнүү жана аларга ылайык жашоо жана башкаларга үйрөтүү, жакшылыкка буюруп, жамандыктан кайтарууга аракет кылуу, Исламды жеткирүү, напси жана тышкы душмандар менен күрөшүү,[40] жан, мал-мүлк жана калем менен кызмат кылууну улантуу”[41] сыяктуу аныктамалар берилген. Фикх термини катары көбүнчө “Алланын дини жолунда мусулман болбогондорго каршы күрөшүү” [42] деген маанини туюндурса, суфизмде “нафси аммараны жеңүү үчүн күрөшүү”[43] деген мааниде колдонулат. Натыйжада жихад- Аллага кулчулук кылуу, Алла жана Анын Элчиси койгон мыйзам-ченемдерге баш ийүү жана

[38] Mehmed Sofuoğlu, *Sahîh-i Buhârî ve Tercemesi,* VI, 2664.

[39] Ahmet Özel, "Cihad", *DİA,* VII, 527.

[40] Ahmet Özel, "Cihad", *DİA,* VII, 527.

[41] Celal Yıldırım, *Kaynaklarıyla İslam Fıkhı,* IV, 352.

[42] Ömer Nasuhi Bilmen, *Hukukı İslamiyye ve Istılahatı Fıkhiyye Kamusu,* III, 354; Vehbe Zuhayli, *İslam Fıkıh Ansiklopedisi,* VIII, 177-178.

[43] Zafer Erginli, *Metinlerle Tasavvuf Terimleri Sözlüğü,* s. 178-179.

амалдарды аткарууга аракет кылуу, Исламды башка адамдарга жеткирүү, Ислам өлкөсүн жана мусулмандарды ар кандай коркунучтардан жана кол салуулардан коргоо, керек болгон учурда согушуу жана өз напси менен күрөшүү сыяктуу кеңири мааниге ээ жана бул амалдардын баары жүрөк, тил, кол жана курал сыяктуу ар кандай жолдор менен жасалышы мүмкүн.

Жихад тууралуу көптөгөн аят жана хадистер бар болгону менен алардын кээ бирлери ушунчалык кыска жана көркөм баяндалгандыктан, көпчүлүк буларды түшүнүүдө кыйынчылыктарга туш келет. Мына ушул сыяктуу хадистердин бири: “Бейиш кылычтын көлөкөсүндө” деген хадис болуп саналат.

Бул макалада “Бейиш кылычтын көлөкөсүндө” хадисин санад жана матн (текст) жагынан изилдөө максаты коюлган. Изилдөөдө биринчи кезекте хадистин булактары аныкталып, Кутуб-и ситта алкагында берилди. Андан соң хадистин санады иликтенип, равилердин абалын изилдөө үчүн Миззии (өл. 742/1341) жана Ибн Хажар (өл. 852/1448) сыяктуу аалымдардын эмгектери пайдаланылды. Хадистин текстинин анализдөө бөлүмүндө хадистин лексикалык айырмачылыктары таблица түрүндө баяндалып, соңунда хадистин мазмуну жана аалымдардын хадиске болгон пикирлери, Ибн Хажардын (өл. 852/1449) Фетхул-Бари, Азимабадинин (өл. 1330-1911) Авнул - Маъбуду жана Мубарекфуринин (өл. 1865-1935) Тухфатул-Ахфаз сыяктуу хадис шарх китептеринен алынды.

## I Хадис боюнча булактар

Бул бөлүмдө изилдөөбүздүн темасы болгон хадисти Кутуб-и ситтадагы санаддары боюнча көрсөтүүнү максат кылдык. Жихад тууралуу айтылган жогорудагы хадистин ар бир санадын хронологиялык түрдө эң алгачкы булактарын негиз алуу менен анализдедик. Андыктан хадистин орун алган алгачкы булагында баяндалуу формасын билүү аркылуу кийинки булактардагы өзгөрүүлөрүн да тактоого мүмкүн болорун эске алдык.

Изилдөөбүздүн темасы болгон хадистин Кутуб-и ситтадагы китептердин алты жеринде баяндалганын аныктадык. Биз аларды төмөнкүчө тизмелей алабыз:

**1. Бухаринин (өл. 256/870) Сахихи:**

Бухаринин “Сахихинде” “Бейиш кылычтын көлөкөсүндө” деген хадис “Жихад” темасынын эки жеринде баяндалган. Биринчи риваят төмөнкүчө:

1-حَدَّثَنَا عَبْدُ اللَّهِ بْنُ مُحَمَّدٍ، حَدَّثَنَا مُعَاوِيَةُ بْنُ عَمْرٍو، حَدَّثَنَا أَبُو إِسْحَاقَ، عَنْ مُوسَى بْنِ عُقْبَةَ، عَنْ سَالِمٍ أَبِي النَّضْرِ مَوْلَى عُمَرَ بْنِ عُبَيْدِ اللَّهِ - وَكَانَ كَاتِبَهُ - قَالَ: كَتَبَ إِلَيْهِ عَبْدُ اللَّهِ بْنُ أَبِي أَوْفَى رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا: أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «وَاعْلَمُوا أَنَّالجَنَّةَ تَحْتَ ظِلاَلِ السُّيُوفِ»، تَابَعَهُ الأُوَيْسِيُّ، عَنْ ابْنِ أَبِي الزِّنَادِ، عَنْ مُوسَى بْنِ عُقْبَةَ[44]

Абдуллах б. Мухаммад > Муавия б. Амр > Абу Исхак > Муса б. Укба > Умар б. Убайдулланын кол астында болгон Салим Абин-Надрдан алган. Бул Салим Умар б. Абдилланын катчысы болгон. Салим айтты: Абдуллах б. Аби Авфа Умар Ибн Убайдуллага (жиберген) катында мындай деп жазган: “Алланын элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) айтты: “Жакшылап билип алгыла, бейиш кылычтын көлөкөсүндө”. аль-Увайси Абдулазиз б. Абдилла, Ибн Абиз-Зинаддан; ал болсо бул хадисти Муса ибн Укбадан риваят кылуу менен Муавия Ибн Амрга мутабаьат кылган.[45]

Ал эми Бухаринин “Сахихиндеги” экинчи риваят биринчи риваятка салыштырмалуу толук түрдө жазылган. Ошондуктан бул риваятты хадистин толук текстин камтыганын белгилөө зарыл.

2-حَدَّثَنَا يُوسُفُ بْنُ مُوسَى، حَدَّثَنَا عَاصِمُ بْنُ يُوسُفَ اليَرْبُوعِيُّ، حَدَّثَنَا أَبُو إِسْحَاقَ الفَزَارِيُّ، عَنْ مُوسَى بْنِ عُقْبَةَ، قَالَ: حَدَّثَنِي سَالِمٌ أَبُو النَّضْرِ، مَوْلَى عُمَرَ بْنِ عُبَيْدِ اللَّهِ، كُنْتُ كَاتِبًا لَهُ، قَالَ: كَتَبَ إِلَيْهِ عَبْدُ اللَّهِ بْنُ أَبِي أَوْفَى، حِينَ خَرَجَ إِلَى الحَرُورِيَّةِ، فَقَرَأْتُهُ، فَإِذَا فِيهِ: إِنَّ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فِي بَعْضِ أَيَّامِهِ الَّتِي لَقِيَ فِيهَا العَدُوَّ، انْتَظَرَ حَتَّى مَالَتِ الشَّمْسُ، ثُمَّ قَامَ فِي النَّاسِ فَقَالَ: «أَيُّهَا النَّاسُ، لاَ تَمَنَّوْا لِقَاءَ العَدُوِّ، وَسَلُوا اللَّهَ العَافِيَةَ، فَإِذَا لَقِيتُمُوهُمْ فَاصْبِرُوا، وَاعْلَمُوا أَنَّ الجَنَّةَ تَحْتَ ظِلاَلِ السُّيُوفِ» ثُمَّ قَالَ: «اللَّهُمَّ مُنْزِلَ الكِتَابِ، وَمُجْرِيَ السَّحَابِ، وَهَازِمَ الأَحْزَابِ، اهْزِمْهُمْ وَانْصُرْنَا عَلَيْهِمْ»[46]

---

[44]Бухарий, Жихад, 22.

[45]İbn Hacer el-Askalânî, *Fethu'l-Bârî,* trc: Osman Güman; Mehmet Odabaşı, VI, 153.

[46] Бухарий, Жихад, 156.

Юсуф б. Муса > Асим б. Юсуф аль-Йербуий > Абу Исхак аль-Фазарий > Муса б. Укба > Умар б. Убайдулланын кулу жана катчысы Салим Эбун-Надр мындай дейт: Мен аны Убайдуллага жиберген катынан окудум. Анда мындай деп жазылган эле: Алланын элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) душманга каршы күрөшкөн согушта күн туу чокусунан батышты көздөй кыйшайганга чейин күттү. Андан соң ордунан туруп, элдин арасында*: "Эй, адамдар, душманга каршы бетме-бет келүүнү каалабагыла. Ар дайым Алладан жакшылык тилегиле. Бирок согушуу үчүн душман менен бетме-бет келгенде чечкиндүү жана туруктуу болгула. Бейиш кылычтын көлөкөсүндө экенин жакшы билгиле» деп дуба кылды: «Оо, Китепти түшүргөн, булуттарды каалаган тарапка буруп, душмандын аскерлерин чачып жиберген Аллахым, ушул душмандарыбызды талкала жана бизге жеңиш насип кыл!"* [47]

**2. Муслимдин (өл. 261/875) *Сахихи*:**

Муслимдин "Сахихинде" хадис Жихад жана Имара деген эки жерде айтылат. Биринчи риваят Бухаринин "Сахихиндеги" экинчи риваят менен бирдей жана бул Абдуллах б. Аби Авфа аркылуу риваят кылынган.

3 -وحَدَّثَنِي مُحَمَّدُ بْنُ رَافِعٍ، حَدَّثَنَا عَبْدُ الرَّزَّاقِ، أَخْبَرَنَا ابْنُ جُرَيْجٍ، أَخْبَرَنِي مُوسَى بْنُ عُقْبَةَ، عَنْ أَبِي النَّضْرِ، عَنْ كِتَابِ رَجُلٍ مِنْ أَسْلَمَ، مِنْ أَصْحَابِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يُقَالُ لَهُ: عَبْدُ اللهِ بْنُ أَبِي أَوْفَى، فَكَتَبَ إِلَى عُمَرَ بْنِ عُبَيْدِ اللهِ حِينَ سَارَ إِلَى الْحَرُورِيَّةِ، يُخْبِرُهُ، أَنَّ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ كَانَ فِي بَعْضِ أَيَّامِهِ الَّتِي لَقِيَ فِيهَا الْعَدُوَّ، يَنْتَظِرُ حَتَّى إِذَا مَالَتِ الشَّمْسُ قَامَ فِيهِمْ، فَقَالَ: «يَا أَيُّهَا النَّاسُ، لَا تَتَمَنَّوْا لِقَاءَ الْعَدُوِّ، وَاسْأَلُوا اللهَ الْعَافِيَةَ، فَإِذَا لَقِيتُمُوهُمْ فَاصْبِرُوا، وَاعْلَمُوا أَنَّ الْجَنَّةَ تَحْتَ ظِلَالِ السُّيُوفِ»، ثُمَّ قَامَ النَّبِيُّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، وَقَالَ: «اللهُمَّ، مُنْزِلَ الْكِتَابِ، وَمُجْرِيَ السَّحَابِ، وَهَازِمَ الْأَحْزَابِ، اهْزِمْهُمْ، وَانْصُرْنَا عَلَيْهِمْ»[48]

Мухаммед б. Рафиъ > Абдурраззак > Ибн Журейж > Муса б. Укба > Абун-Надр > Аслам > Абдуллах б. Аби Авфа деген адамдын китебинен риваят кылган. Умар б. Убайдулла Харурилерге каршы жортуул жасаганда Абдуллах ага кат жазып, Расулуллах саллаллаху алейхи васаллам душман

[47] İbn Hacer el-Askalânî, *Fethu'l-Bârî,* trc: Osman Güman; Mehmet Odabaşı, VI, 348-349.

[48] Муслим, Жихад, 6

менен бетме-бет келе турган күндү күтүп жатканын, күн батышка бурулганда алардын арасында туруп: *“Эй, адамдар! Душманга жолугууну каалабагыла! Кудайдан ырайым сурагыла! Аларга жолукканда сабыр кылгы! Ушуну жакшы билгиле, бейиш кылычтын көлөкөсүндө.”* Ошондо Пайгамбарыбыз (с.а.в.) кайра ордунан туруп: *Оо Аллах! Эй, китепти түшүргөн, булутту кыймылга келтирген жана тайпаларды жеңген Зат! Аларды жок кыл! Бизди алардын үстүнөн жеңүүчү кыл!”*- деп дуба кылганын айтты.[49]

Экинчи риваят Аби Муса аль-Ашарийдин тарики менен келип, биринчи риваяттан айырмаланат. Тактап айтканда, бул риваятта “Бейиштин дарбазалары-эшиктери кылычтын көлөкөсүндө” деп баяндалган жана бул жерде «дарбаза-эшик» сөзү кошулган.

4 -حَدَّثَنَا يَحْيَى بْنُ يَحْيَى التَّمِيمِيُّ، وَقُتَيْبَةُ بْنُ سَعِيدٍ، وَاللَّفْظُ لِيَحْيَى، قَالَ قُتَيْبَةُ: حَدَّثَنَا، وقَالَ يَحْيَى: أَخْبَرَنَا جَعْفَرُ بْنُ سُلَيْمَانَ، عَنْ أَبِي عِمْرَانَ الْجَوْنِيِّ، عَنْ أَبِي بَكْرِ بْنِ عَبْدِ اللهِ بْنِ قَيْسٍ، عَنْ أَبِيهِ، قَالَ: سَمِعْتُ أَبِي، وَهُوَ بِحَضْرَةِ الْعَدُوِّ، يَقُولُ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «إِنَّ أَبْوَابَ الْجَنَّةِ تَحْتَ ظِلَالِ السُّيُوفِ»، فَقَامَ رَجُلٌ رَثُّ الْهَيْئَةِ، فَقَالَ: يَا أَبَا مُوسَى، آنْتَ سَمِعْتَ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ هَذَا؟ قَالَ: نَعَمْ، قَالَ: " فَرَجَعَ إِلَى أَصْحَابِهِ، فَقَالَ: أَقْرَأُ عَلَيْكُمُ السَّلَامَ، ثُمَّ كَسَرَ جَفْنَ سَيْفِهِ فَأَلْقَاهُ، ثُمَّ مَشَى بِسَيْفِهِ إِلَى الْعَدُوِّ فَضَرَبَ بِهِ حَتَّى قُتِلَ "[50]

Яхья б. Яхья ат-Тамими жана Кутайба б. Саид (Сөз Яхьяныкы. Кутайба: Хаддасана деген сөздү колдонгон.) > Жафар б. Сулайман > Абу Имран ал-Жавни > Абу Бакр б. Абдуллах б. Кайс > атасынан түз кабарлады. Атасы айтты: «Менин атам душмандын алдында турганда: “Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам): “Чындыгында, бейиштин дарбазалары кылычтын көлөкөсүндө” деп айтканын Ошондо бир киши ордунан туруп: - Эй, Аба Муса! Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) муну айтып жатканда, муну уктуңуз беле?-деди. Абу Муса: Ооба! деп жообун берди. Анан досторуна кайрылып: - Сиздерге салам! деди. Анан

[49]Ahmed Davudoğlu, *Sahih-i Müslim ve tercemesi,* VIII, 467-468.

[50]Муслим, Имара, 41.

кылычынын кынын сындырып, ыргытып жиберди. Андан соң кылычы менен душманды кырганга чейин салгылашты.

**3. Абу Давуддун (өл. 275/889)** ***Сунаны:***

Абу Дауддун “Сунанында” аталган хадис бир жерде гана баяндалган жана бул риваят Абдуллах б. Аби Авфа тарики менен келген.

5 -حَدَّثَنَا أَبُو صَالِحٍ مَحْبُوبُ بْنُ مُوسَى، أَخْبَرَنَا أَبُو إِسْحَاقَ الْفَزَارِيُّ، عَنْ مُوسَى بْنِ عُقْبَةَ، عَنْ سَالِمٍ أَبِي النَّضْرِ مَوْلَى عُمَرَ بْنِ عُبَيْدِ اللَّهِ يَعْنِي ابْنَ مَعْمَرٍ وَكَانَ كَاتِبًا لَهُ، قَالَ: كَتَبَ إِلَيْهِ عَبْدُ اللَّهِ بْنُ أَبِي أَوْفَى حِينَ خَرَجَ إِلَى الْحَرُورِيَّةِ، أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فِي بَعْضِ أَيَّامِهِ الَّتِي لَقِيَ فِيهَا الْعَدُوَّ قَالَ: «يَا أَيُّهَا النَّاسُ، لَا تَتَمَنَّوْا لِقَاءَ الْعَدُوِّ، وَسَلُوا اللَّهَ تَعَالَى الْعَافِيَةَ، فَإِذَا لَقِيتُمُوهُمْ فَاصْبِرُوا، وَاعْلَمُوا أَنَّ الْجَنَّةَ تَحْتَ ظِلَالِ السُّيُوفِ». ثُمَّ قَالَ: «اللَّهُمَّ مُنْزِلَ الْكِتَابِ وَمُجْرِيَ السَّحَابِ وَهَازِمَ الْأَحْزَابِ اهْزِمْهُمْ وَانْصُرْنَا عَلَيْهِمْ»[51]

Абу Салих Махбуб б. Муса > Абу Исхак > Муса б. Укба > Умар б. Убайдулланын кулу жана катчысы Салим Абун-Надрдан; риваят кылды: Умар б. Убайдуллах Харурилерге карата жортуулга чыкканда Абдуллах б. Аби Авфа ага кат жазып, Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) душман менен жолуккан кээ бир күндөрү: “*Эй адамдар, душман менен согушууну каалабагыла. Кудайдан ден-соолук сурагыла. Эгер алар менен согушсаңар, сабыр кылгыла жана бейиш кылычтын көлөкөсүндө экенин билгиле!*”-деп айтканын, андан соң: “*Оо, (пайгамбарларына) китеп түшүргөн, булуттарды кыймылдаткан жана (каапыр) жамааттарды жеңген Аллахым! Аларды жок кыл жана аларга каршы бизге жардам бер*”- деп дуба кылганын билдирди.[52]

**4. Тирмизинин (өл. 279/892)** ***Сунаны:***

Тирмизинин “Сунанында” бул хадис бир гана жерде эскерилген жана бул риваят Абу Мус ал-Ашаринин тарики менен келген.

6 - حَدَّثَنَا قُتَيْبَةُ، قَالَ: حَدَّثَنَا جَعْفَرُ بْنُ سُلَيْمَانَ الضُّبَعِيُّ، عَنْ أَبِي عِمْرَانَ الجَوْنِيِّ، عَنْ أَبِي بَكْرِ بْنِ أَبِي مُوسَى الأَشْعَرِيِّ، قَالَ: سَمِعْتُ أَبِي، بِحَضْرَةِ العَدُوِّ يَقُولُ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: إِنَّ أَبْوَابَ الجَنَّةِ تَحْتَ ظِلاَلِ السُّيُوفِ، فَقَالَ رَجُلٌ مِنَ القَوْمِ رَثُّ الهَيْئَةِ: أَأَنْتَ سَمِعْتَ هَذَا مِنْ رَسُولِ اللهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَذْكُرُهُ؟ قَالَ: نَعَمْ، فَرَجَعَ إِلَى أَصْحَابِهِ، فَقَالَ: أَقْرَأُ عَلَيْكُمُ السَّلاَمَ، وَكَسَرَ

---

[51]Абу Давуд, Жихад, 79.

[52]Necati Yeniel, *Sünen-i Ebû Dâvûd Terceme ve Şerhi,* X, 155.

جَفْنَ سَيْفِهِ، فَضَرَبَ بِهِ حَتَّى قُتِلَ. قال أبو عيسى:هَذَا حَدِيثٌ صحيح غَرِيبٌ، لاَ نَعْرِفُهُ إِلاَّ مِنْ حَدِيثِ جَعْفَرِ بْنِ سُلَيْمَانَ الضُّبَعِيِّ.وَأَبُو عِمْرَانَ الجَوْنِيُّ: اسْمُهُ عَبْدُ الْمَلِكِ بْنُ حَبِيبٍ.وَأَبُو بَكْرِ بْنُ أَبِي مُوسَى، قَالَ أَحْمَدُ بْنُ حَنْبَلٍ: هُوَ اسْمُهُ.[53]

Кутайба > Жафар б. Сулайман > Аби Имран аль-Жавни > Абу Бакр б. Абу Муса ал-Ашариден риваят кылынат; Ал айтты: «Мен атамдан уктум, ал душман менен бетме-бет келгенде: «Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам): “*Бейиштин эшиги кылычтын көлөкөсүндө!*”-деп айткан. Ошондо жамааттын ичинен эски кийим кийген бир киши: “Бул сөздү Алланын Элчисинен (саллаллаху алейхи васаллам) өзүң уктуңбу?”-деп сурады. Абу Муса ал-Ашари: “Ооба!”-деп жооп берди. Ошол замат ал киши досторуна кайрылып: “Мен силерди Аллага аманат кылам!”-деди да кылычынын кынын сындырды. Анан ал кылыч менен шейит болгонго чейин салгылашты». Бул хадис сахих-гариб. Анткени бир гана Жафар б. Сулайман тарабынан риваят кылынган. Абу Имран ал-Жавнини аты Абдулмалик б. Ал-Хабиб. Абу Мусанын уулу Абу Бакр жөнүндө Ахмед б. Ханбал, «ал анын аты (жана кунясы-теги)!» деген.[54]

Изилдөөнүн натыйжасына караганда, “Бейиш кылычтын көлөкөсүндө” деген хадис Бухари жана Муслимдин “Сахихтеринде” жана Абу Давуд менен Тирмизийнин “Сунанында” орун алып, кээ бир жерлерде хадистер толук тексти менен баяндалган. Ал эми кээ бир жерлерде болсо толук эмес. Аталган хадис Абдуллах б. Аби Авфа жана Аби Муса ал-Ашаринин тарики аркылуу эки түрдүү санад менен келген. Бул санаддарда кайсыл равилер орун алган жана алардын канчалык деңгээлде ишенимдүү экендиги хадистин санадынын анализинде изилденет.

**II Хадистин санадынын анализи**

Бул бөлүмдө “Бейиш кылычтын көлөкөсүндө” хадисинин иснаддары равилерине жараша анализденет.

---

[53]Тирмизий, Фадлул-Жихад, 23.

[54]Osman Zeki Mollamehmetoğlu, *Sünen-i Tirmizî Tercemesi,* III, 205.

Хадистин иснаддары жогоруда белгилегенген булактардын негизинде ирети менен изилденет.

Хадистин иснады изилдегенде, бул хадис Абдуллах б. Аби Авфи тарики жана Аби Муса эл-Ашъари тариктери болуп эки түрдүү жол менен келгендиги аныкталды. Изилдөөдө бул эки тарик эки өзүнчө схемада берилип, равилердин абалы кыскача белгиленет.

**Абу Муавия Абдуллах б. Аби Авфа ал-Аслами (өл. 86/705)**

Көп жашаган сахабалардын бири катары белгилүү болгон[55] Абдуллах б. Аби Авфа Байтур-ридванга катышкан. Ушул сыяктуу эле Хайберди фатх кылууга жана Хунайн согушуна катышкан. Хулефайи-Рашидин доорундагы фатхтардан улам Мадинаны таштап, Куфага отурукташкан.[56] Андан Шааби (өл.104/722) , Амр б. Мурра (өл.116/734), Абдумалик б. Умйр (өл.136/754) Исмаил б. Абу Халид (өл.146/764) жана Абу Исхак аш-Шайбани (өл.140/758) сыяктуу белгилүү адамдар хадис риваят кылышкан.[57] Өмүрүнүн акыркы жылдарында көзү көрбөй калган Абдулла жүз жашында көз жумган.[58]

**Салим Абун-Надр (өл. 129/746)**

Анын толук аты Салим Аби Умаййа ал-Курший ат-Тайми Абун-Надр эл-Мадани. Кичүү табиундардан болуп, анын риваяттары Кутуб-и ситтада эскерилет. Көпчүлүк аалымдар аны ишенимдүү рави деп айтышкан. Абдуллах б. Аби Авфа, Анас б. Малик (өл. 93/712), Саид б. Мүсаййаб (өл. 90/709), Сулейман б. Йасар (100/719), Суфян эс-Саври (өл.161/778), Муса б. Укба сыяктуу аалымдардан хадис риваят кылган.[59]

**Муса б. Укба (өл. 141/758)**

---

[55] Ибнул Асир, *Исаба,* б. 641.

[56] Ибн Абдилбар, *Истиаб,* II, 264.

[57] Ибн Абдилбар, *Истиаб,* II, 264.

[58] Ali Yardım, “Abdullah b. Ebû Evfâ”, *DİA,* I, 96.

[59] Миззий, *Тахзибул Камал,* X, 127-130.

Анын толук аты Муса б. Укба Аби Айяш ал-Асди-Аби Мухаммед ал-Мадани. Табиундардын кичинелеринен болуп, анын риваяттары Кутуб-и ситтада орун алган. Табакат аалымдары ал жөнүндө сика, ишенимдүү, касирул-хадис сөздөрүн колдонушкан.[60]

**Абу Исхак Ибрахим б. Мухаммед б. ал-Харис аль-Фазари (өл. 188/803)**

Куфада төрөлгөн Абу Исхак Шам, Багдад сыяктуу жерлерге илимий сапарларды жасаган. Яхья б. Майн (өл. 233/847), Ижли (өл. 261/845), Несаи (өл. 303/916) жана Ибн Хиббан (өл. 354/965) анын сика экенин баса белгилеген.[61]

**Муавия б. Амр б. Мальаб б. Амр б. Шабиб ал-Азди ал-Маъни (өл. 214/829)**

Абу Амр аль-Багдади жана Ибн Кирмани деген ат менен да белгилүү. Кутуб-и Ситтада риваяттары бар. Көпчүлүк аалымдар анын сика экенин айтышкан. Аби Исхак эл-Фазари, Зайде б. Кидаме ас-Сакафи (160/776), Израил б. Юнус (өл.160/776), Бухари (235/850), Абд б. Хамид (249/864) ж.б. андан хадис риваят кылышкан.[62]

**Абдуллах б. Мухаммед б. Ибрахим б. Осман б. Хаваситул-Абаси (өл. 235/850)**

Хадис хафизи катары белгилүү жана анын риваяттары Бухари, Муслим, Абу Давуд, Тирмизи, Несаи жана Ибн Мажанын (өл.273/886) эмгектеринде эскерилет. Аалымдар аны сика жана ишенимдүү деп айтышкан.[63]

**Асим б. Юсуф аль-Йербуи Аби Амр ал-Хайятул-Куфи (өл. 220/835)**

Бухарий, Тирмизи жана Несаиде риваяттары бар. Ибн Хиббан (өл. 354/965), Миззи (өл. 742/1342), Ибн Хажар (өл.

---

[60] Ибн Хажар, *Тахзибут Тахзиб*, X, 362.

[61] Ижлий, *Сикат,* б. 54; Ибн Хиббан, *Сикат*, VI, 23.

[62] Миззий, *Тахзибул Камал,* XXVIII, 207-209.

[63] Миззий, *Тахзибул Камал,* XVI, 34-35.

852/1148), Дарекутни (385/995) анын сика экенин айткан. Ал эми Абу Бакр ал-Базар (өл.292/905) анын хадистерин жазса боло турганын бирок иликтөө зарылдыгын белгилеген.

**Юсуф б. Муса б. Рашид б. Билал ал-Каттан (өл. 253/867)**

Анын атасынын аты Абу Якуб ал-Куфи. Ал Рази деген ысым менен да белгилүү. Бухарийде, Абу Давудда, Тирмизиде, Насаиде жана Ибн Мажада риваяттары бар. Ибн Хажар садук деп сыпаттаган.[64]

**Абул-Валид Абдулмалик б. Абдулазиз б. Журейж ал-Кураши (өл. 150/767).**

Ал 80 (699) жылы туулган. Грек тектүү жана Абу Халид деген лакап аты жана Руми, Мекки жана Умави нисбасы менен да белгилүү. Табакат аалымдары Ибн Журайж үчүн сика терминин колдонушкан[65] жана анын көптөгөн хадистерди риваят кылганына көңүл бурушкан.[66]

**Абу Бакр Абдурраззак б. Хамма б. Нафиъ эс-Санъани аль-Химьери (өл. 211/826)**

Жаш кезинен хадис илимин үйрөнгөн Абдураззак, он жети миң хадисти жатка билген жана хадистерин жазма булактардан риваят кылууга маани берген. Аббас б. Абдулазим ал-Анбари (өл. 240/855) Абдурраззакты жалганчы деп айыптаганы менен Захаби анын көз карашын хадисчилер тарабынан кабылданбаганын айткан.[67] Азирети Алини сүйгөндүгү жана Муавияны жаман көргөндүгүнөн Ахли Байттин пазилеттери тууралуу хадистерди айтканы үчүн аны шиа деп айыптагандар да болгон. Бирок Ахмад б. Ханбал муну тастыктоо үчүн устаты Абдурраззактан буга байланыштуу эч нерсе укпаганын айткан.[68] Ал жөнүндө бардык оң же терс

[64] Ибн Хажар, *Тахзибут Тахзиб*, XI, 425.

[65] Ибн Саьд, *Табакат,* V, 491-492.

[66] Ибн Саьд, *Табакат,*V, 491-492

[67] Захабий, *Сиер,* II, 609.

[68] Захабий, *Сиер,* II, 610.

сөздөргө карабастан, Яхья б. Маин, Ахмад б. Ханбал, ад-Даракутни жана аз-Захаби аны сика катары кабыл алышкан.[69]

**Мухаммед б. Рафиъ б. Абу Зайд (өл. 245/860)**

Аби Абдуллах ан-Нисабури аз-Захид деген ысымдар менен белгилүү. Аалымдар ал жөнүндө сика, садук сыяктуу сөздөрдү айтышкан.[70] Исхак б. Сулайман (өл. 200/815) жана Суфян б. Ризайна, Бухари, Муслим, Абу Давуд, Тирмизи жана Насаи сыяктуу аалымдардан хадис риваят кылган.[71]

**Махбуб б. Муса Аби Салих Антаки (өл. 231/846).**

Хижрий 151-жылы туулган. Абу Дауд жана Насаиданын риваяттары бар. Аалымдар ал жөнүндө садук, муткин сыяктуу сөздөрдү айтышса, айрымдары сувайлих (айткан хадистеринин башка санаддарынын бар-жогун иликтөө жана ага карап баа берүү үчүн этибар үчүн алынган), лайса билкавий (далил эмес), лам ясихху (хадисинин зайыф же мавзу) экендигин белгилешкен.[72]

**Абу Муса Абдуллах б. Кайс б. Сулайм аль-Ашари (өл. 42/662)**

Абу Муса ашар уруусунан болгон жана Йемендин Забид шаарында төрөлгөн.[73] Абу Муса Азирети Пайгамбардан жана анын сахабаларынан уккан хадистерди жазууга караганда жаттап алууга көбүрөөк маани берген.[74] Такыбалыгы менен белгилүү болгон Абу Муса ал-Ашари көп жылдардан бери башкаруучу болуп иштесе да, эч качан дүнүйө мал-мүлкүн мактаган эмес. Анын өзгөчө сапаттарынын бири-уялуу сезими болгон.[75]

---

[69] Захабий, *Сиер,* II, 609.

[70]Ибн Хажар, *Тахзибут Тахзиб*, IX, 161.

[71]Миззий, *Тахзибул Камал,* XVI, 192-195.

[72] Хатиб ал-Багдадий, *Тариху Багдат,* III, 365.

[73] Yaşar Kandemir, "Ebû Mûsâ el-Eş'arî", *DİA,* X, 191.

[74] Захабий, *Сиер,* II, 389.

[75] Yaşar Kandemir, "Ebû Mûsâ el-Eş'arî", *DİA,* X, 191.

**Абу Бакр б. Абдуллах б. Кайс (өл. 106/724)**

Абу Муса ал-Ашаринин уулдарынын бири Абу Бакр ортоңку табииндерден бири. Ал Куфа элинен болгондуктан, аны Куфий деп аташкан. Кутб-и ситттада риваяттары бар. Ибн Хиббан өзүнүн «Сикатында» аны сика деп айткан.[76] Ибн Хажар менен Ижли да анын сика экенин жазышкан.[77]

**Абдул Малк б. Хабиб Абу Имран ал-Жавни ал-Басри (өл. 128/746)**

Ортоңку табииндерден бири. Кутуб-и ситттада риваяттары бар. Табакат китептеринде ал жөнүндө сика,[78] салих, лейсе бихи бас деген сөздөр колдонулат.[79]

**Жафар б. Сулайман ад-Дубуи Аби Сулайман ал-Басри (өл. 178/795)**

Бул киши ортоңку табииндерден болуп саналат. Кутб-и ситттада риваяттары бар. Миззи бул раваи тууралуу сика, садук бирок ташаййу[80] деген сөздү колдонгон.[81]

**Абу Закария Яхья б. Яхья б. Бакр (Букайыр) эт-Тамими ал-Минкари ан-Нисабури (өл. 226/841)**

142-жылы (759-жылы) Нисабурда төрөлгөн Яхья Бани Темим уруусунун болгон.[82] Көптөгөн белгилүү хадис аалымдары андан хадис үйрөнүшкөн. Уккан хадистеринин баарын айткан эмес жана айтууда өтө этият болгон. Жаш кезинде мурсал деп күмөн санаган хадистерин айтып жатып, эрезеге жеткенде эч кандай баа бербестен таштап, карыганда китебинен толук чыгарып салган. Ошондон улам ага «шаккак» (көп шектенүүчү) лакап аты берилип, «дагы эки жыл жашаса, айта турган хадиси калмак эмес» дешкен.[83]

---

[76] Миззий, *Тахзибул Камал*, XXXIII, 441.

[77] Ибн Хажар, *Тахзибут Тахзиб*, XII, 41.

[78] Ибн Хажар, *Тахзибут Тахзиб*, VI, 389.

[79] Миззий, *Тахзибул Камал,* XVIII, 294-299.

[80] Abdullah Aydınlı, *Hadis Istılahları* Sözlüğü, s. 319.

[81] Миззий, *Тахзибул Камал,* V, 43-50.

[82] Захабий, *Сиер,* XII, 558.

[83] Захабий, *Сиер,* X, 515.

**Абу Ража Кутайба б. Саид б. Жамил ас-Сакафи (өлгөн. 240/855)**

149 (766) же 150-жылы туулган. Анын аты Яхья же Али, лакап аты Кутайба экени да айтылат. Ал Балх шаарынын жанындагы Баглан кыштагынан болгондуктан Балхи жана Баглани деп да аталат.[84] Кутайбадан Бухари 380 хадисти, Муслим 668 хадисти риваят кылган, анын риваяттары Кутуб-и Ситтада баяндалат. Кутайба б. Саид Шабан 240-жылы (855-жылы январда) Багланда каза болгон.[85]

Бул бөлүмдө Кутб-и ситта, Бухари, Муслим, Абу Давуд жана Тирмизинин авторлорунун эмгектериндеги «Бейиш кылычтын көлөкөсүндө» хадисинин иснадын иликтөөгө аракет кылдык. Рижал китептеринин негизинде тааныштырууга аракет кылынган равилер жалпысынан ишенимдүү адамдар катары кабыл алынат. Мындан тышкары, равилердин ортосунда устат-шакирт мамилесинин болушу иснадды дагы да бекемдейт. Бирок иснаддар хадистин сахихтиги тууралуу түшүнүк бергени менен хадиске баа берүүдө жалгыз фактор катары каралбайт. Ушул себептен хадистин туура же туура эмес экендигин аныктоо үчүн тексттик сын жасалышы керек. Кийинки бөлүмдөрдө хадистин тексти жана мазмуну изилденет.

**III Хадистин текстинин анализи**

Бул бөлүмдө баяндалган тексттерди салыштырып, тексттик айырмачылыктарды белгилөөгө аракет кылабыз. Сөздөрдөгү жана тексттердин ортосундагы айырмачылыктарды таблицада көрсөтүүгө аракет кылабыз.

Тема катары тандаган хадисибиз Абдуллах б. Аби Авфа жана Абу Муса ал-Ашари деген эки тариктен келет. Абдуллах б. Аби Авфанын буйругу менен келген хадисте *«Бейиш кылычтардын көлөкөсү астында»* деген сүйлөм камтылган. Ал эми Абу Муса ал-Ашаринин

[84] Миззий, *Тахзибул Камал,* XXIII, 523-524.

[85] Kamil Çakan, "Kuteybe b. Saîd", *DİA,* XXVI, 492.

тарики менен келген хадисте *«Бейиштин эшиктери кылычтын көлөкөсүндө»* деген сүйлөм менен келип, «эшик» сөзү кошулган.

Бухаринин «Сахихинде» *«Бейиш кылычтардын көлөкөсүндө»* деп айтылса, Муслимдин «Сахихи» (Имаре, 1902) жана Тирмизинин «Сунанынан» башка булактарда «*Душманга жолугууну каалабагыла! Алладан жакшылык тилегиле! Душмандарга жолукканда сабыр кылгыла! Ушуну жакшы билгиле, бейиш кылычтардын көлөкөсүндө”* деген сөздөр айтылып, Пайгамбарыбыз (с.а.в.) кайра ордунан туруп: “*Оо, Аллах! Эй, китепти түшүргөн, булутту кыймылга келтирген жана тайпаларды жеңген Зат! Аларды жок кыл! Бизди алардын үстүнөн жеңүүчү кыл!*» – деген дуба сүйлөмү кошулган.

Хадистеги сөздөрдүн ортосундагы айырмачылыктар төмөнкү таблицада берилди:

| Автордун аты жана китеби | Хадистин тексти |
|---|---|
| Бухарий *ас-Сахих* | **«وَاعْلَمُوا أَنَّالجَنَّةَ تَحْتَ ظِلاَلِ السُّيُوفِ»** |
| Бухарий *ас-Сахих* | «أَيُّهَا النَّاسُ، لاَ تَمَنَّوْا لِقَاءَ العَدُوِّ، وَسَلُوا اللَّهَ العَافِيَةَ، فَإِذَا لَقِيتُمُوهُمْ فَاصْبِرُوا، **وَاعْلَمُوا أَنَّ الجَنَّةَ تَحْتَ ظِلاَلِ السُّيُوفِ**» ثُمَّ قَالَ: «اللَّهُمَّ مُنْزِلَ الكِتَابِ، وَمُجْرِيَ السَّحَابِ، وَهَازِمَ الأَحْزَابِ، اهْزِمْهُمْ وَانْصُرْنَا عَلَيْهِمْ» |
| Муслим *ас-Сахих* | «يَا أَيُّهَا النَّاسُ، لَا تَتَمَنَّوْا لِقَاءَ الْعَدُوِّ، وَاسْأَلُوا اللهَ الْعَافِيَةَ، فَإِذَا لَقِيتُمُوهُمْ فَاصْبِرُوا، **وَاعْلَمُوا أَنَّ الْجَنَّةَ تَحْتَ ظِلَالِ السُّيُوفِ**»، ثُمَّ قَامَ النَّبِيُّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، وَقَالَ: «اللهُمَّ، مُنْزِلَ الْكِتَابِ، وَمُجْرِيَ السَّحَابِ، وَهَازِمَ الْأَحْزَابِ، اهْزِمْهُمْ، وَانْصُرْنَا عَلَيْهِمْ**»** |
| Муслим *ас-Сахих* | **«إِنَّ أَبْوَابَ الْجَنَّةِ تَحْتَ ظِلَالِ السُّيُوفِ»** |
| Абу Давуд *ас-Сунан* | «يَا أَيُّهَا النَّاسُ، لَا تَتَمَنَّوْا لِقَاءَ الْعَدُوِّ، وَسَلُوا اللَّهَ تَعَالَى الْعَافِيَةَ، فَإِذَا لَقِيتُمُوهُمْ فَاصْبِرُوا، **وَاعْلَمُوا أَنَّ الْجَنَّةَ تَحْتَ ظِلَالِ السُّيُوفِ**». ثُمَّ قَالَ: «اللَّهُمَّ مُنْزِلَ الْكِتَابِ وَمُجْرِي السَّحَابِ وَهَازِمَ الْأَحْزَابِ اهْزِمْهُمْ وَانْصُرْنَا عَلَيْهِمْ» |
| Тирмизий *ас-Сунан* | **«إِنَّ أَبْوَابَ الْجَنَّةِ تَحْتَ ظِلَالِ السُّيُوفِ»** |

**IV Хадистин мазмуну жагынан анализи**

Ислам укугунда согуш катары жихад, коомдордун улануусу үчүн макасиду-шариа деп билдирилген жана диндин негизги максаттарынын алгачкысын түзгөн зарурият курамында диндин корголуп, сакталуусу үчүн парз кылынган. Жалпысынан алганда, Куран жана Аз. Пайгамбардын иш-тажрыйбасында мусулмандардын өлкөнүн бүтүндүгү үчүн, душмандардын кол салуусуна жол бербөө, тынчтык үчүн бардык зарыл шарттарды түзүү, адам укуктарын жана эркиндиктерин кепилдөө үчүн согушуусу мыйзамдуу деп табылган. Бирок, бүгүнкү күндө өзгөчө Борбор Азия мамлекеттеринде жихаддын мааниси толук билинбей туруп, жихадды баарынан маанилүү амал катары сүрөттөгөн жана ага утурумдуу чакыруу жасаган кыймылдар күч алууда.[86] Дин эксперттери муну диний маалыматтын аздыгы жана жихад тууралуу жетиштүү маалыматтын жоктугу катары сыпатташкан.[87]

Жихаддын маанисин түшүнүүгө жардам берген хадистердин бири Пайгамбарыбыздын “Бейиш кылычтардын көлөкөсүндө” деген хадиси болуп эсептелет. Бул изилдөөдө аталган хадистин маани маңызын изилдөөгө аракет кылдык.

Бул бөлүмдө хадистин мазмуну анализденип, хадис аалымдарынын көз караштары жана хадис шарх китептеринде кандай чечмеленгени талкууланат.

Бухаринин “Сахихинде” биринчи риваят текст жагынан анализденгенде жогоруда айтылгандай “Бейиш кылычардын көлөкөсүндө” деп айтылган жана шарх китептеринде жихаддын пазилети, Алла жолунда кылыч менен согушуу бейишке кирүүгө жана Алланын соопторуна жетүүдө маанилүү амал катары түшүндүрүлгөн.[88]

---

[86]https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_religion_jihad_/26651921.html, 21.03.2022.

[87] www.bbc.com>kyrgyzstan_politics, 21.03.2022.

[88] Айнии, *Умдатул Карий,* XIV, 114-115.

Кээ бир шарх китептеринде хадистин түшүндүрмөсү төмөнкүдөй:

Куртуби хадисти мындайча баяндайт: "Пайгамбарыбыз (с.а.в.)дын бул сөзү кыска жана нуска болуп, сөз өнөрүнүн бардык кооздуктарын камтыган абдан маанилүү маанини туюндурат. Анткени бул хадис төмөнкү маселелердин ар бирине ишарат кылат: Жихадга үндөө, жихадга катышуунун сыйлыгы жана сообу, душман менен бетме-бет келүүгө жана кылыч менен согушууга үндөө, согушта бир кылычтын көлөкөсүнө жамына тургандай тыгыздыкта болуу."[89]

Ибн ал-Жавзи дагы мындай деген: "Бул хадисте айтылган нерсе, бейишке жихад менен жетүүгө болот. Согушта эки адам бетме-бет келгенде, алардын ар биринин кылычы бири-бирине көлөкө болуп, ар ким өз кылычынын көлөкөсү түбөлүктүү болушу үчүн атаандашын жыгууга аракет кылат. А бул көбүнчө согуш аябай курч алган кезде болот."[90]

Бул хадистин мааниси: жихадга жана согушка катышуу бейишке кирүүнүн жолу жана себеби. Бул жерде кылыч жөнүндө сөз болгондугун себеби, арабдардын курал-жарактарынын көбү кылыч болгон. Же болбосо хадисте айтылган максат жихаддын натыйжасынын бейиш экендиги.[91] Бул учурда хадис таибии балииг болот.[92]

"Ушуну жакшы билгиле, бейиш кылычтардын көлөкөсүндө" деген сүйлөм, Алла жолунда согушуу жана согушка чыгуу, Алланын сыйлыгы жана бейишке алып баруучу себеп. Андай болсо согушка берилгендик жана сабырдуулук менен катышкыла дегенди билдирет.[93]

Аллах жолунда кылыч чапкандын сообу бейиш экенин, кылычтын көлөкөсү кылычтан кетпей тургандай, Алла

[89]İbn Hacer el-Askalânî, *Fethu'l-Bârî,* trc: Osman Güman, Mehmet Odabaşı, VI, 154.

[90]İbn Hacer el-Askalânî, *Fethu'l-Bârî,* trc: Osman Güman, Mehmet Odabaşı, VI, 154.

[91] Мубаракфурий, *Тухфатул Ахфаз*, V, 300.

[92] Ahmed Davudoğlu, *Sahih-i Müslim ve Tercemesi,* IX, 104.

[93] Нававий, *Минхаж,* XIII, 69-70.

жолунда кылыч чапкан адамды бейиш да таштабасын баса белгилөө максатын көздөйт.[94]

Бул сөздү баалоодо анын маанисине бүтүндөй каралбаса, туура эмес тыянактар чыгат. Азирети Пайгамбардын жогорудагы сөзүнө гана кайрыла турган болсок, аны согушка үндөө катары баалоого болот. Бирок, Азирети Пайгамбарыбыздын хадиси толугу менен төмөнкүчө:

Абдуллах б. Аби Авфа, Умар б. Убайдулла Харуриддерге каршы жортуул жасаганда, ага жиберген катында мындай деп жазган: Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи васаллам) күн чокусунан батышты көздөй кыйшайганга чейин күтүп турду да, ордунан туруп: *"Оо, адамдар, душманга жолугууну каалабагыла! Алладан аманчылык сурагыла! Душманга жолуксаңар сабыр кылгыла! Ушуну жакшы билгиле бейиш кылычтардын көлөкөсүндө"* деп айтты жана артынан минтип дуба кылды: *"Оо, Китепти түшүргөн, булуттарды каалаган тарапка буруп, душмандын аскерлерин чачыратып, аларды кыйраткан, бул душманыбызды да кыйрат/жок кыл, аларга каршы бизге жардам бер/бизге жеңиш насип эт!"*

Харурия сөзү сырттан келгендерге берилген ысым. Булар Азирети Алиге каршы чыккан харижиттер. Азирети Алиден бөлүнгөндөн кийин Харура деген жерге чогулушкандыгы үчүн бул жерге таандык кылынып "Харуриййа" деп аташкан. Харура-Куфанын айланасындагы жердин аты. Куфадан 2 км аралыкта жайгашкан.[95]

Азирети Пайгамбардын душман менен беттешүүдөн тыйышынын себеби, бул каалоонун мактанууга, напсиге жана күч-кубатка ишенүүгө алып келишинен улам болгон деп айтууга болот. Бул ыраймсыздыктын бир түрү. Алла Таала мазлумдарга жардам берүүнү буйруган. Ошондой эле бул амал душманды көрмөксөнгө салуу жана аны шылдыңдоо деген

---

[94] Necati Yeniel, *Sünen-i Ebû Dâvûd Terceme ve Şerhi,* X, 156,

[95] Азимабадий, *Авнул Маъбуд,* II, 1125-1126.

мааниде да болушу мүмкүн. Бул болсо этияттыкка каршы деп эсептелет.[96]

Аалымдардын билдирүүсүнө караганда, Расулуллах саллаллаху алейхи васалламдын согушка түштөн кийинки убакытта чыгуусу аба-ырайынын бир аз салкындап, согушка ылайыктуураак болгондугу үчүн деп айтылат. [97]

Хадистен көрүнүп тургандай, Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) душмандары менен беттешкен кээ бир согуштарында дароо чабуулга кирбей, күн батканча күткөн, душманды карап, мүмкүн болгон шарттарды кылдаттык менен күзөтүп, душмандарынын мүмкүнчүлүктөрүн баамдоого аракет кылган.

Бул хадистен төмөнкү жыйынтыктарды чыгара алабыз:

1-Исламдагы жихаддын негизги максаты адамдарды өлтүрүү жана жок кылуу эмес, Исламдын жайылышына жана кабарланышына жолтоо болгон тоскоолдуктарды жок кылуу жана адамдарга ыйман же куфрду тандоо эркиндигин берүү.

2-Мусулмандар Исламдын жайылышына жолтоо болгон тоскоолдуктарга туш болгондо, аларды жок кылуу үчүн жихад кылышы, жихад учурунда кездешкен кыйынчылыктарга сабыр кылып, бул жихаддын аягында шейит болуп, Бейишке жетерин ал эми аман калган кезде олжого жана соопко жетерин билиши керек.

3-Мусулмандар согушту баштаардан мурда өздөрү жана душмандары турган шарттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү жакшылап карап чыгышы керек.

[96] Ahmed Davudoğlu, *Sahih-i Müslim ve Tercemesi,* VIII, 468.

[97] Ahmed Davudoğlu, *Sahih-i Müslim ve Tercemesi,* VIII, 468.

**Корутунду**

Хадис булактарынын ичинен Бухари, Муслим, Абу Дауд жана Тирмизи риваят кылган “Бейиш кылычтардын көлөкөсүндө” хадиси жихаддын пазилетин түшүндүргөн жана ага үндөгөн маанилүү хадистердин бири болуп саналат. Хадистин мазмундук жактан берилген маалыматтарында жана көптөгөн хадис шарх китептеринде согуш ардагерлеринин (газилер) кылычынын душманга каршы колдонуусу алардын бейишке киришине себеп болору баса белгиленген. Хадистин жихадга жана соопко төрт сөз менен эң кыска жана нуска мазмунда үгүттөгөнүнө да маани берилген.

Санад жагынан бул риваяттын эки башка жол менен келгендиги жана иснаддагы равилердин баары сика, тактап айтканда жана ишенимдүү экендиги такталды. Бул болсо хадистин ишенимдүү сахих жолдор менен келгендигин түшүндүрөт.

Хадистин тексттериндеги сөздөрдүн айырмачылыктарын эске алсак, чоң мазмундагы айырмачылыктын жок экенин, кээ бир риваяттарда бир гана «абваб» сөзүн кошулганын жана бул сөздүн хадистин маанисин өзгөртүүгө себеп болбогондугун көрүүгө болот.

Натыйжада хадистин санад жана матнына (тексти) жасалган анализдин жыйынтыгынын негизинде “Бейиш кылычардын көлөкөсүндө” хадисинин сахих экенин айтууга болот.

“Бейиш кылычардын көлөкөсүндө” хадисин камтыган булактарды изилдеген бөлүмдө айтылгандай, хадистин кээ бир булактарда толук тексти менен, кээ биринде текстин толук эмес түрдө айтылгандыгы бир топ түшүнбөстүктөргө алып келген. Биз бул макалада аталган хадистин бардык тариктерин тактоо менен бирге хадистин жалпы тексттерин бир таблицага чогултуп, булардын бардыгын бир бүтүндүк катары анализдөөгө аракет кылдык. Натыйжада изилдөөбүздүн темасы болгон хадистин туура түшүнүү методдорун көрсөтүү менен бирге хадистен көздөлгөн чыныгы максатты да аалымдардын көз-караштарынын негизинде ачыктап бердик.

## Колдонулган адабияттар

Akyüz, Ali. "Abdürrezzâk es-San'ânî", *Türkiye Diyanet Vakfı İslâm Ansiklopedisi*. 1/298-299. İstanbul. TDV Yayınları, 1988.

Askalânî, İbn Hacer. *Fethu'l-Bârî,* trc: Osman Güman-Mehmet Odabaşı. I-XV, İstanbul 2007.

Aydınlı, Abdullah. *Hadis Istılahları Sözlüğü*, İstanbul 2003.

Bilmen, Ömer Nasuhi, *Hukukı İslamiyye ve Istılahatı Fıkhiyye Kamusu,* I-VIII. İstanbul 1968.

Çakın, Kamil. "Kuteybe b. Saîd", *Türkiye Diyanet Vakfı İslâm Ansiklopedisi.* 16/491-492. Ankara. TDV Yayınları, 2002.

Davudoğlu, Ahmed. *Sahih-i Müslim ve Tercemesi,* I-XI, İstanbul 1978.

Erginli, Zafer, *Metinlerle Tasavvuf Terimleri Sözlüğü,* İstanbul 2006.

Mollamehmetoğlu, Osman Zeki. *Sünen-i Tirmizî Tercemesi*, , I-VI. İstanbul 1977.

Nargül, Veysel. "İslam Savaş Hukukunun Temel İlkeleri Ekseninde Nehcü'l-Melâğâ", *Milel ve Nihal İnanç, Kültür ve Mitoloji Araştırmaları Dergisi,* 13, (2011/3). 115-150.

Özel, Ahmet. "Cihad", *Türkiye Diyanet Vakfı İslâm Ansiklopedisi.* 7/527-531. İstanbul. TDV Yayınları, 1993.

Sofuoğlu, Mehmed. *Sahih-i Buhârî ve Tercemesi,* , I-XVI, İstanbul 1987.

Yardım, Ali. "Abdullah b. Ebû Evfâ", *Türkiye Diyanet Vakfı İslâm Ansiklopedisi.* 1/96. İstanbul. TDV Yayınları, 1988.

Yeniel, Necati, *Sünen-i Ebû Dâvûd Terceme ve Şerhi*, , I-XII. İstanbul 1991.

Yıldırım, Celal. *Kaynaklarıyla İslam Fıkhı,* I-IV, Ankara 1991.

Zuhayli, Vehbe. *İslam Fıkhı Ansiklopedisi,* , I-X, İstanbul 1991.

Аби Хасан ал-Куфи, Ижлий. *Маьрифатус-сикат,* Мадина 1985.

Азимабадий, Шариф Аби Абдурахман. *Авнул Маьбуд ьалаа Сунани Абу Давуд, Байтул Афкар ад-Давлавиййа,* I-II, Байрут. Муассасату Рисала, 2009.

ал-Аскаланий, Ибн Хажар. *Тахзибут Тахзиб,* I-XII, Низамиййа 1326.

ал-Багдадий, Хатиб. *Тариху Багдат,* I-XVI, Байрут 2002.

ал-Жазарий, Ибн Асир. *ал-Исаба фий маьрифатис-сахаба*, Байрут 2014.

Жамаладдин Абул Хажжаж, Миззи. *Тахзибул Камал,* I-XXXV, Байрут 1980.

Мухаммед Абдурахман, Мубаракфурий. *Тухфатул Ахфаз Шарху Жамиут Тирмизий,* I-XII. жж.

Мухаммед аз-Зухрий, Ибн Саьд. *Китаьут табакатул кубра,* I-XI. Кахира 2001.

Мухаммед ал-Бустий, Ибн Хиббан. *ас-Сикат,* I-IX, Османиййа 1973.

Мухаммед Бадраддин Аби Мухаммед, Айний. *Умдатул Каари Шархул Бухарий*, I-XXV, Байрут 2011.

Шамсуддин Аби Абдиллах, Захабий, *Сиеру Аьламин Нубела*, Кахира 2006.

Юсуф Аби Амр, Ибн Абдилбар. *ал-Истиаб фи маьрифатил асхаб*, I-IV, Байрут 1992.

Яхя б. Шариф Аби Закариййа, Нававий. *ал-Минхаж фи Шархи Муслим б. Хажжаж,* I-XVIII. Куртуба 1991.